КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
КАРАСАЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАСАЕВСКОГО АЙЫЛЬНОГО

---

**Карасаев айыл аймагынын айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын«03» апрели № 18 Миң -Булак айылы**

**Карасаев айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын (СЭӨП) аткарылышы жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Карасаев айыл аймагын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын ишке ашыруу,калктын жашоо денгээлин жогорулатуу жана жергиликтүү мaaнидеги маселелерди натыйжалуу чечүү максатында Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына ылайык, Карасаев айыл аймагынын айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын кезексиз IV-сессиясы **токтом кылат:**

1. Карасаев айыл аймагынын 2026-2027-жылдарга карата Социалдык- экономикалык өнүктүрүү программасынын индикаторлору, инвестициялык паспорт,коомдук угуулар, коомдук угуулар өттү деген протоколдорду 2026-жылдын 1- июнуна даярдалсын Карасаев айылдык кенешине сунушталсын.
2. Өзгөртүүлөр жана толуктоолор.Программанын артыкчылыктуу багыттарына ылайык,2026-жылга пландаштырылган төмөнкү долбоорлорду ишке ашыруу тездетилсин:
   -Карасаев айыл аймагынын ген планы
   -Айыл өкмөттүн мекемеси
   - Айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканаларды колдоо
   -Инфраструктуралык долбоорлор ( ичүүчү суу, жарыктандыруу)
   -Жаны жумуш орундарын түзүү боюнча инвестициялык сунуштар.
3. Инвестиция тартуу:Карасаев айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына СЭӨП тө көрсөтүлгөн долборлорду каржылоо үчүн мамлекеттик өнүктүрүү фонддору,эл аралык донорлор жана жеке инвесторлор менен иш алып баруу тапшырылсын.
4. Мониторинг жана баалоо: СЭӨП түн индикаторлорунун ( көрсөткүчтөрүнүн) аткарылышы боюнча ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы менен айылдык кенешке маалымат берилип турсун.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Карасаев айыл аймагынын айылдык кенешинин төрайымына жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана Карасаев айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы М. Б Бакасовко жүктөлсүн.
6. Токтомду каттоого алуу жагы Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигине жиберилсин.

**Төрайым Н. А Амасбаева**